**№ 13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин ортосундагы**
**МЕМОРАНДУМ**

Ноокен району, Масы айылы 2026-жылдын 5-февралы

Биз, төмөндө кол койгон 2026-жылдын 1-мартына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоодо № 13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер,

жарандардын бакубатчылыгын арттырууга, Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө умтулуп,

тынчтыкты, туруктуулукту жана мамлекеттин келечектеги өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн жалпы жоопкерчиликти аңдап,

шайлоодо бардык катышуучулар үчүн жарандардын кызыкчылыктары артыкчылык болушу керектигин, ал эми шайлоочулардын колдоосуна реалдуу иштер менен гана ээ болууга болорун таанып,

шайлоо реформасынын жүрүшүндө жетишилген шайлоонун жыйынтыктарынын аныктыгы жана ачык-айкындыгы бирдей атаандаштыкты камсыз кылуу үчүн маанилүү негиз болуп саналарын аңдап,

Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына толук шайкештикте таза, адилеттүү жана мыйзамдуу шайлоону өткөрүүнү **колдойбуз.**

Борбордук шайлоо комиссиясынын, өкмөттүк эмес уюмдардын, эл аралык жана коомдук байкоочулардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн көзүнчө ушул Меморандумга кол коюп жатып,

**эл алдында:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарын кыйшаюусуз аткарууга, шайлоо жөнүндө мыйзамдардын, ошондой эле шайлоо процессин жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылардын нормаларын сактоого;
- шайлоо өнөктүгүн ачыктык, өз ара урмат-сый, жарандардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын артыкчылыгы, ошондой эле мыйзамдын үстөмдүгү принциптеринде жүргүзүүгө;
- башка талапкерлер жана шайлоо процессинин катышуучулары менен конструктивдүү диалогду колдоого, талаш-тартыштарды жана пикир келишпестиктерди мыйзамдын негизинде ачык формада чечүүгө;
- шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө жүрүм-турумдун этикалык жана моралдык нормаларын сактоого, үгүт иштерин “ыплас” технологияларды жана манипуляцияларды колдонбостон, шайлоонун башка катышуучуларына сый-урмат көрсөтүп, чынчылдык менен жүргүзүүгө;
- жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда жана социалдык тармактарда башка талапкерлердин ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген атайылап жалган маалыматтарды камтыган материалдарды таратпоого;
- төмөнкүлөрдү:
  - социалдык жаатташууга же кастыкка чакырыктарды,
  - жалааны,
  - диний тематиканы түз же кыйыр түрдө пайдаланууну,
  - зордук-зомбулукка же коомдук тартипти бузууга үндөөнү камтыган үгүт жана маалыматтык материалдарды интернет жана башка ресурстар аркылуу расмий же жашыруун даярдабоого жана таратпоого;

- добуш берүүгө чейин жана добуш берүү күнүндө шайлоочуларды сатып алууга өзү шпоого, ошондой эле өкүлдөрүн, ишенимдүү адамдарын, үгүтчүлөрүн, туугандарын, орун, тааныштарын жана башка адамдарды катыштырбоого;

- шайлоочуларды сатып алууну болтурбоо, анын ичинде укук коргоо органдарына өктөшүү боюнча бардык мүмкүн болгон чараларды көрүүгө;

- өз максаттарына жетүү үчүн административдик ресурстарды колдонуудан, анын инде кызматтык же кызмат абалындагы артыкчылыктарды пайдалануудан карманууга;

- жарандардын эркин билдирүү эркиндигине, добуш берүү жана добуштарды эсептөө оцессине мыйзамсыз таасир этүү аракеттерин жасабоого;

- добуш берүүнүн купуялуулугун бузбоого;

- шайлоо процессинин бардык катышуучуларына карата ачыктык жана сый-урмат ринциптеринде таза жана адилеттүү шайлоолорду өткөрүүгө көмөктөшүүгө;

- шайлоо комиссияларына жана укук коргоо органдарына көмөк көрсөтүүгө;

- шайлоо өнөктүгүн шайлоо алдындагы жана шайлоодон кийинки мезгилдерде жагымдуу, туруктуу жана бейпил коомдук-саясий жагдайга өбөлгө түзө тургандай кылып уюштурууга жана өткөрүүгө;

- шайлоонун мыйзамдуулугун, ачык-айкындыгын, эркиндигин жана адилеттүүлүгүн камсыз кылууга багытталган мамлекеттик саясаттын чараларын колдоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин толук жана ак ниеттүү колдонууга **милдеттенме алабыз.**

**Биз** шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн талапкерлер менен өз ара ачык жана калыс болууга, мамлекеттик органдарды, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана укук коргоо органдарын административдик ресурстарды колдонууга жол бербөөгө жана шайлоо процессинин бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды камсыз кылууга, жалпыга маалымдоо каражаттарын бурмалоолорго жана манипуляцияларга жол бербей, объективдүү жана адилеттүү болууга **чакырабыз.**

Ушул Меморандумга кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз жана орус тилдеринде бирдей юридикалык күчкө ээ болгон эки нускада 2026-жылдын «5» февралында Масы айылында шаарында кол коюлду.

1. Арстанбеков А.С.
(талапкердин/өкүлүнүн аты-жөнү)

2. Шамотаев Э. С.
(талапкердин/өкүлүнүн аты-жөнү)

3. Асаков У.Н.
(талапкердин/өкүлүнүн аты-жөнү)

4. Чолпонов У. Ч.
(талапкердин/өкүлүнүн аты-жөнү)

5. Калматов Т. К
(талапкердин/өкүлүнүн аты-жөнү)

6. [illegible] Т.П.
(талапкердин/өкүлүнүн аты-жөнү)

7. Маманов Б. К
(талапкердин/өкүлүнүн аты-жөнү)

8. Эгембердиев А.А
(талапкердин/өкүлүнүн аты-жөнү)

9. Базаркулова Н.М
(талапкердин/өкүлүнүн аты-жөнү)

10. Исмоев А.А.

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

11. Базарбаев К-С.

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

12. Койгулмамова Н.Б

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

13. Темирбаева М.Ю

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

14. Атабекова К.А.

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

15. Абдималиков У.А

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

16. Анарбекова Т.Б

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

17. Бейшенкул У.А

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

18. Жигаликов Т.Э

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

19. Мамасадыков З.Д

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

20. Бекешов М.К

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

21. Акиева Э.К.

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү)

22. Юлдашева З.И ______

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү) (кол тамгасы)

23. ______ ______

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү) (кол тамгасы)

24. ______ ______

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү) (кол тамгасы)

25. ______ ______

(талапкердин/окуучунун аты-жөнү) (кол тамгасы)